**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТТЫК**
**ИЧКИ ИШТЕРБАШКАРМАЛЫГЫ**

**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК ИЧКИ**
**ИШТЕР БӨЛҮМҮ**
715400 Таш-Көмүр шары Некрасов көчөсү-2 тел: 5-02-57
Tash-kumyr.govd

**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ**

**ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**ГОРОДА ТАШ-КУМЫР**
750400 г. Таш-Кумыр ул Некрасова-2
тел. 5-02-57
Tash-kumyr.govd

**________________№________________катка**

Таш-Көмүр ШИИБдин МЭЖне 06.04.2022-жылы 02-045-2022-000**163** саны менен катталган окуя боюнча,

# М А А Л Ы М А Т

2022-жылдын 05-апрель күнү саат болжол менен 18:00 чамаларында Таш-Көмүр шаарынын Тендик айылынын Манас көчөсүнүн [redacted] үйүнүн тургуну 1983-жылы туулган К[redacted] Т[redacted], Тендик айылынын тургундарынын “ватсап” интернет тармагы аркылуу 2022-жылдын 10-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү Кенешинин депутаттарынын шайлоосуна барбоосу тууралуу үн билдирүүлөрдү тараткан.

Алынган ыкчам маалыматтардын негизинде жогорудагы аталган факты боюнча териштирүү иштерин жүргүзүү үчүн Таш-Көмур ШИИБдин БЗМЖККнын улук опер кызматкери Шербек у Ч Таш-Көмур ШИИБдин МЭЖне каттоо үчүн билдирүү менен кайрылып, билдирүу Таш-Көмур ШИИБдин МЭЖне 06.04.2022-жылы 02-045-2022-000164 саны менен катталып алдын ала териштирүү иштери башталган.

Ал эми 2022-жылдын 06-апрель күнү Таш-Көмүр шаардык прокуратурасы тарабынан жолдомо келип түшкөн: ал жолдомодо “Инстаграм” социалдык тармагында “amanat.kg1” баракчасында К.Кыдыралиев аттуу жараан 2022-жылдын 10-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын жергиликтүү Кенештеринин депутаттарын шайлоо боюнча, шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузуу туурасында жасаган кайрылуусуна туура юридикалык баа берүү үчүн Таш-Көмүр шаардык ИИБнүн МЭЖне каттоого жиберген.

Топтолгон материал боюнча мыйзам чегинде чечим кабыл алуу үчүн 2022-жылдын 06-апрель күнү Таш-Көмүр ШИИБдин МЭЖне 02-045-2022-000163 саны менен катталып алдын ала териштирүү иштери башталган.
Таш-Комур шаарынын Аксы кочосунун тургуну К.Кыдыралиев “Инстаграм” социалдык тармагында “amanat.kg1” баракчасында жасаган кайрылуусундагы атуулдар Таш-Комур ШИИБдин БЗМЖККнын улук опер кызматкери билдируусундо кайрылган атуулдар экендиги аныкталгандыктан, Таш-Комур ШИИБдин МЭЖне катталган 02-045-2022-000164 сандуу материал, 02-045-2022-000163 сандуу материалга бириктирилген.

Териштируу иштеринин журушундо Таш-Комур шаарынын Аксы кочосунун тургуну К.Кыдыралиевти сураган учурда ал оз корсотмосундо “мен 2022-жылдын 06-апрель куну “Инстаграм” аркылуу озумдун баракчамдан, Таш-Комур шаарынын Тендик айылынын тургундары Билимбек, Талгат, Куба аттуу жараандар 2022-жылдын 10-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жергиликтуу

кенешинин депутаттарын шайлоосу боюнча Тендик айылынын тургундарын шайлоого барбагыла, ким шайлоого барса, аны айылдан чыгарып чыккынчы деп атайбыз деген аудиозапистери ватсап аркылуу группаларга таркап кеткендиктен ошол элдин болунуп жарылуусун жана шайлоонун тынч отуусуно тоскоолдук кылабыз деген атуулдардын мыйзамыз аракеттерин токтотуу учун, Кыргыз Республикасынын Жетекчилигине карата кайрылуу жасаганмын, менин суранаарым, жогорудагы корсотулгон атуулдар Таш-Комур шаарынын элин болуп жарууну токтотуп, алдыда боло турган шайлоону узгултукко учуратпаса болду"-деп билдирген.

Ал эми окуя боюнча К.К[redacted] оз кайрылуусунда билдирген Талгат аттуу жараан, Таш-Комур шаарынын Тендик айылынын Ленин коч.тургуну 17.06.1992-жылы туулган К[redacted] Т[redacted] А[redacted] экендиги аныкталып, окуя боюнча сурак кылган учурда ал оз корсотмосундо "2022-жылдын 5-апрель куну Тендик айылынын айыл окумотунун алдында кундогудой эле чогулуп, суйлошуп турганбыз, ал жерде ар дайым 5-6 адам болуп суйлошуп турабыз. Ошол куну жогорудагы айтылган жерде чогулуп турган учурда 2022-жылдын 10-апрелине дайындалган жергиликтуу кенештин депутаттарынын шайлоосуна барбай коюуш керек-деп тамаша иретинде суйлошуп турган болчук, андан кийин уйлорубузго тарап кетип, уйго бара жатканда озумдун дос балдарымдын 1993-жылы туулган дос балдарымдын ватсап группасына "шайлоого барбагыла"-деп, аудиозапис жиберген болчум, дос балдарым болсо айылдын групасына тамаша иретинде жиберип салган экен, ошентип таркап кетиптир, менин эч кандай шайлоого барбагыла деген угуттоо ниетим жок, шайлоого баруу же барбоо ар бир адамдын озунун укугу"-деп билдирген.

Аны менен бирге Тендик айылынын тургуну [redacted]-жылы туулган М[redacted] Б[redacted] Б[redacted] сураган учурда ал 2022-жылдын 5-апрелинде Тендик айылынынын айыл окмотунун алдында кундогудой эле чогулуп турган болчук, биз ал жерде шайлоо учурунда гана эмес ар дайым ар куну 5-6 адам суйлошуп олтурушат, ошол сыяктуу эле суйлошуп олтурганбыз, ал эми жергиликтуу кенештин депутаттарынын шайлоосуна ар бир адам оз укугу менен барып катыша же катышпайт, биз эч кимге шайлоого катышуу укугуна тоскоолдук кылган эмеспиз"-деп билдирген.

Окуя боюнча 26.11.1981-ж.т О[redacted] К[redacted] М[redacted] сураган учурда ал 2022-жылдын 05-апрель куну Тендик айылынын канторасынын алдында чогулуп турганбыз, бирок эч кандай шайлоо тууралуу, шайлоого барбоо тууралуу угут иштери болгон эместигин билдирген. Андан тышкары жогорудагы аталган факты боюнча Тендик айылынын тургундарынын арасында сурак кылган учурда эч кандай шайлоого барбоо боюнча угут иштери жургузулгон эместигин билдиришкен.

Ошондуктан аталган окуяда "шайлоо учурунда угут жургузуу шарттарын бузуу" фактысы аныкталбагандыктан, кылмыштын курамы жок болгондуктан 2022-жылдын 07-апрель күнү 01-001-000137 сандуу кылмыш ишин козгоодон баш тартуу токтому чыгарылган.

**Таш-Көмүр шаардык ички иштер бөлүмү.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТТЫК
ИЧКИ ИШТЕРБАШКАРМАЛЫГЫ**

**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК ИЧКИ
ИШТЕР БӨЛҮМҮ**

715400 Таш-Көмүр шары Некрасов көчөсү-2 тел: 5-02-57
Tash-kumyr.govd

**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ**

**ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ГОРОДА ТАШ-КУМЫР**

750400 г. Таш-Кумыр ул Некрасова-2
тел. 5-02-57
Tash-kumyr.govd

**_______________№_______________катка**

Таш-Көмүр ШИИБдин МЭЖне 06.04.2022-жылы 02-045-2022-000**164** саны менен катталган окуя боюнча,

**М А А Л Ы М А Т**

2022-жылдын 05-апрель күнү саат болжол менен 18:00 чамаларында Тендик айылынын жашоочусу Талгат аттуу бала, Тендик айылынын тургундарынын “ватсап” интернет тармагы аркылуу 2022-жылдын 10-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү Кенешинин депутаттарынын шайлоосуна барбоосу тууралуу үн билдирүүлөрдү тараткан.

Аталган окуя боюнча алынган ыкчам маалыматтардын негизинде жогорудагы аталган факты боюнча териштирүү иштерин жүргүзүү үчүн Таш-Көмур ШИИБдин БЗМЖККнын улук опер кызматкери Ш[redacted] у Ч. Таш-Көмур ШИИБдин МЭЖне каттоо үчүн билдирүү менен кайрылып, билдирүү Таш-Көмур ШИИБдин МЭЖне 06.04.2022-жылы 02-045-2022-000164 саны менен катталып алдын ала териштирүү иштери башталган.

Алдын ала териштирүүнүн жүрүшүндө, Талгат, аттуу жараандын өздүгү аныкталып, ал Таш-Көмур шаарынын Тендик айылынын тургуну:

- Тендик айылынын Манас көчөсүнүн №жок үйүнүн тургуну 1983-жылы туулган К[redacted] Т[redacted] А[redacted] экендиги аныкталган.

Андан тышкары, аталган окуя боюнча А.К[redacted] сурак кылуу учун,Таш-Көмүр ШИИБдин Тергөө кызматына камсыз кылуу үчүн тиешелүү кызматкерлерге тергөө тапшырмалары берилди.

**Таш-Көмүр шаардык ички иштер бөлүмү.**